| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 6-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-марты **№ 6-1** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн балансына келген муниципалдык мүлктүн (экскаватордун) жана айыл өкмөтүнүн балансында турган 82-10 тракторун иштетүүдө ижара тарифтерин бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2025-жылдын 10-январындагы №6-б буйругу менен берилген 1 даана “Hundai R140W-9S” үлгүсүндөгү мамлекеттик мүлктү (экскаваторду) жана өкмөттүн балансында турган 82-10 тракторун иштетүүдө тарифтерин түзүп, бекитүү жөнүндө маселени жалпы депутаттар, айыл өкмөт башчысы жана Муниципалдык ишкананын жетекчиси менен биргеликте талкуулап карап чыгып айылдык кеңештин 6- сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан берилген мүлктү (экскаваторду) иштетүүдө тарифтери белгиленсин:
   - Экскаватордун ижара акысы бир айда 60 000 (алтымыш миң) сом өлчөмүндө айыл өкмөтүнүн бюджетине кириштелсин.
   - Айыл өкмөтүнүн балансында турган 82-10 үлгүсүндөгү трактордун ижара акысы бир жылга 100 000 (жүз миң) сом өлчөмүндө белгиленип, айыл өкмөтүнүн бюджетине кириштелсин.
2. Көрсөтүлгөн тарифтердин негизинде техникаларды пайдалануу боюнча иш алып баруу жагы МИнын жетекчиси Ж.Султановго милдеттендирилсин.
3. Техникаларды иштетүүнү көзөмөлдөө жана бюджетке кириштөө боюнча иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет,экономика, муниципалдык менчик, айылчарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 6-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-марты **№ 6-2** Бел айылы

**Бел айыл аймагындагы турак жай имараттары үчүн салык ставкасынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Бел айыл аймагындагы турак жай имараттары үчүн салык ставкасынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө Белайыл өкмөтүнүн2025-жылдын 27-февралындагы №01-19/11 сандуу катын айылдык кеңештин дпутаттары карап чыгып талкуулап, Салык кодексинин 379-бренесине жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине таянып Бел айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагындагы турак жай имараттары үчүн салык ставкасы Мамлекеттик салык кызматынын Ноокат району боюнча башкармалыгынын сунушталган орточо ставкага негиз, 1м$^2$ аянтка 12,66 сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Токтомду мыйзам чегинде аткарууга алуу жагы Бел айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.
3. Ушул токтом мамлекеттик салык кызматынын Ноокат району боюнча башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, эономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 6-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-марты **№ 6-3** Бел айылы

**“Бел” муниципалдык ишканасына субсидия кароо жөнүндө**

Бел муниципалдык ишканасына субсидия кароо жөнүндө маселе боюнча МИнын жетекчисинин маалыматын ошондой эле ФЭБ башчынын кошумча маалыматынын негизинде сессияда угуп, депутаттар талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. “Бел” муниципалдык ишканасына субсидия катары 425 000 (төрт жүз жыйырма беш миң) сом муниципалдык ишкананын бюджетинен каралсын.
2. Токтомду мыйзам чегинде аткаруу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго, МИнын жетекчиси Ж.Султановго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика,муниципалдык менчик, айыл чарбасы жана тышкы экономикалык байланыш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 6-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-марты **№ 6-4** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн китепканасы боюнча маселени кароо жөнүндө**

Бел айыл өкмөтүнө караштуу китепкананын штаты боюнча маселе сессияда каралып депутаттар жана айыл өкмөт башчысы тарабынан талкууланып айылдык кеңештин №6 сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” №495 токтомунун негизинде иш алып баруу жагы каралсын.
2. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 6-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-марты **№ 6-5** Бел айылы

**Бел айылындагы Г.Эргешов атындагы "Бел-Өрүк" орто мектебинин эсептен чыгарылган жылытуу системасынан "Райхан" балдар бакчасына өткөрүү жөнүндө**

Бел айыл өкмөтүндөгү Г.Эргешов атындагы "Бел-Өрүк" орто мектебинин жылытуу системасы жаңыланып жаткандыктан эски эсептен чыгарылгандарынан 40 даана 10 бөлүктүү жылыткычтарын "Райхан" балдар бакчасына өткөрүп берүү жөнүндөгү маселени сессияда депутаттар, айыл өкмөт менен биргеликте карап чыгып, талкуулап көпчүлүк депутаттардын макулдугу менен айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Г.Эргешов атындагы атындагы "Бел-Өрүк" орто мектебинин жылытуу системасы жаңыланып жаткандыктан эски эсептен чыгарылгандарынан 40 даана 10 бөлүктүү жылыткычтарын "Райхан" балдар бакчасына өткөрүп берүү жагы жактырылсын.
2. Токтомдо көрсөтүлгөндөрдү мыйзам чегинде аткаруу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго, айыл башчыларга жана мектеп директорлоруна милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин "мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш" боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 6-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-марты **№ 6-6** Бел айылы

**Айыл аймагындагы суу качыруучу арыктарды ( дренаждарды) казуу жана үлүш жерлерди иретке келтирүү боюнча**

Айыл аймагындагы кооптуу болгон жерлерди суу качыруучу арыктарды (дренаждарды) казуу жана үлүш жерлерди иретке келтирүү боюнча айыл башчылардын жана депутаттар тарабынан айтылган сунуштардын негизинде сессияда карап чыгып, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагындагы бардык кооптуу болгон жерлерге суу качыруучу арыктарды (дренаждарды) казуу боюнча иш алып барылсын.
2. Үлүш жерлерди иретке келтирүү боюнча комиссия түзүлүп, аткарууга алынсын.
3. Токтомдо көрсөтүлгөн жумуштарды аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн жер адистерине, айыл башчыларга жана өзгөчө кырдаал боюнча адиси Ж.Сыдыковго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “ мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ НООКАТ**
**РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 6-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-марты **№ 6-7** Бел айылы

**Ички жолдорду иретке келтирүү жөнүндө**

Бел айылаймагындагы айылдардын ички көчөлөрүн иретке келтирүү боюнча маселени депутаттар жана айыл өкмөтбашчысы, жер адистер, айыл башчылар менен биргеликте карап чыгып талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Айыл аймактагы айылдардын ички көчөлөрүн иретке келтирүү боюнча иш алып барылсын.
2. Ички көчөлөрдү иретке келтирүүбоюнча мыйзам чегиндеиш алып баруу жагы айылбашчыларга, айыл өкмөтүнүнжер адистерине, муниципалдык ишканага жана аймактык милициянын тескөөчүлөрүнө жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укуктартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|
| ОШ ОБЛУСУ | ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ |
| НООКАТ РАЙОНУ | НООКАТСКИЙ РАЙОН |
| БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 25-марты **№ 7-1** Бел айылы

**Бел айыл аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларына көрсөтүлгөн комиссия резервин бекитүү жөнүндө**

Бел айыл аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларына көрсөтүлгөн комиссия курамын жана резервин бекитүү жөнүндөгү жамаат, дыйкан чарба жана мекеме-ишканалардын протоколдорун айылдык кеңешинин депутаттарынын туруктуу комиссияларынын отурумунда карап жана депутаттардын талкуусун угуп, айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларына талапкерлер жана резервдик курамына көрсөтүлгөн жамаат, дыйкан чарба жана мекеме-ишканалардын протоколдору бекитилсин.

2. Токтом Ноокат аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 25-марты **№ 7-2** Бел айылы

**Аксакалдар сотунун типтүү регламентин бекитүү жөнүндө**

Бел айылдык кеңеши аксакалдар сотунун типтүү регламентин бекитүү жөнүндө “регламент, депутаттык этика жана мандат, жергиликтүү өзалдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколдук маалыматын угуп чыгып айылдык кеңештин жетинчи сессиясы **токтом кылат:**

1. Бел айылдык аксакалдар сотунун типтүү регламенти бекитилсин.
2. Регламенттин негизинде иш алып баруу жагы аксакалдар сотунун төрагасы К.Тагаевге милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмолдөө жагы “Регламент, депутаттык этика жана мандат, жергиликтүү өзалдынча башкарууну өнүктүрүү” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 25-марты **№ 7-3** Бел айылы

**Бел айылдык кеңешинин 2025-жылдын 5-февралындагы №5-5сандуу токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Бел айылдык кеңеши 2025-жылдын 5-февралында чыккан 5-5 сандуу Бел айыл аймагынын №338 контурундагы жайыт жеринен 0,60 сотых жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча токтомду жокко чыгаруу жөнүндө маселени кайрадан сессияда карап чыгып талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айылдык кеңешинин 2025-жылдын 5-февралындагы №5-5 сандуу токтомун жокко чыгарылсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун кызыкчылыгын коргоо” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-апрели **№ 8-1** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы боюнча маалыматы.**

Бел айыл өкмөтүнүн 2024-жыл ичинде аткарган иштери , бюджетинин аткарылышы жөнүндө жыйынтык отчетун сессияда угуп талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл өкмөтүнүн 2024-жыличинде аткарган иштеринде айрым жетишкендиктери жана кемчиликтерин эске алуу менен “канааттандырарлык” деп табылсын.
2. Айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жылдык эсептөө отчетундагы айрым катачылыктар эске алынып каралып чыгылсын жана 2-кварталда так маалымат берүү жагы муниципалдык ишкананын жетекчиси Ж.Султановго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчиликке алуу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын козөмолдөө мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-апрели **№ 8-2** Бел айылы

**Эгинге түшкөн мал-жандыктарды көзөмөлдөө жөнүндө**

Бел айыл аймагынын айдоо жерлердеги эгиндерге түшкөнжылкы,мал-жандыктарды көзөмөлдөө жана мыйзам чегинде айып пул салуу боюнча маселени 8-сессияда депутаттар, айыл өкмөт башчысы, айыл башчылар, жер адистер менен биргеликте маселени карап чыгып талкуулап Кыргыз Республикасынын Укук Бузуулар Жөнүндө Кодексинин 238-беренесине таянып айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагындагы айдоо, эгинэгилген жерлердеги ээн жүргөнжылкы, мал-жандыктарга эгиндерге зыян келтиргендиги үчүн жеке жактарга 200 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салуу жагы каралсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жана аткарууга алуу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укуктартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-апрели **№ 8-3** Бел айылы

**Айыл аймактагы турак-жай куруу үчүнжер тилкесин алууга муктаж үй-бүлөлөрдүн арыздарын кароо жөнүндө**

Бел айыл аймагынын жашоочуларынын социалдык абалын жакшыртуу үчүн жер тилкесин алууга муктаж адамдардын арыздарынын негизинде жер берүү үчүн жердин багытын өзгөртүү, которуу (трансформациялоо) маселесин карап чыгып депутаттар, айыл өкмөт башчысы, жер адистер менен биргеликте карап чыгып айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагынын Таш-Булак айылынын №38 контурунан 2,10га жер аянтын ген планга киргизүүгө жана багытын озгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Жер тилкесин берүүдө айыл өкмөт тарабынан комиссия түзүлүп эң муктаж жарандарды аныктоо жана тизменин негизинде кезеги менен жер берүү жагы колго алынсын.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн жер адистерине жана айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарба жерлери, ишкердик иш жана тышкы экономика боюнча”

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 9-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 17-июну **№ 9-1** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн 2026-2027-2028-жылдарга карата бюджеттин болжолун кароо жөнүндө**

Бел айыл өкмөтүнүн 2026-2027-2028-жылдарга бюджетинин болжолу жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап “Кыргыз Республикасынын 2026-2027-2028-жылдарга болжолу жөнүндөгү” мыйзамынын негизинде иштелип чыгылган долбоор боюнча тиешелүү мекеме иш каналардын, айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүм башчысы жана “бюджет, экономика, муниципалдык менчик,инвестиция” боюнча туруктуу комиссиянын маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 8-главанын 44-беренесинин 4-пунктуна жана 16-главасынын 78-беренесинин 2,3-пункттарына жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2026-2027-2028-жылдарга карата болжолу жактырылсын.
2. Токтомду аткарууга алуу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл кылуу жагы Бел айылдык кеңешинин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция жана ишкердик иш, тышкы экономикалык байланыш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br>**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br>**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 9-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 17-июну **№ 9-2** Бел айылы

**“Бел” муниципалдык ишканасынын суу тарифтерин бекитүү жөнүндө**

Бел муниципалдык ишкананын жетекчиси Ж.Султановдун билдирүүсүн айылдык кеңеш карап чыгып талкуулап жана кошумча маалыматтарын угуп айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел муниципалдык ишкананын тейлөөсүндөгү сугат суу менен камсыздоодон 2025-жылга түшүүчү каржылык булактары, ички тартип эрежелери жана кызмат көрсөтүү акыларынын тарифине макулдук берилсин.
2. Белайыл аймагында жана Бел-Адыр каналынын суу пайдаланып жаткан айыл аймакка чектеш Каранай, Ак-Этек, Жийде айылдарында суу пайдалануучулардын сугат суу тарифи 30 (отуз) сом өлчөмүндө жогорулатууга макулдук берилсин.
3. Сугат суу пайдаланып жаткан жерлерге инвентаризация жүргүзүү жагы колго алынсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика жана ишкердик иш, тышкы экономикалык байланыш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 9-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 17-июну **№ 9-3** Бел айылы

**Бел айылдык кеңешинин төрагасына айлык акы кароо жөнүндө**

Бел айылдык кеңешинин төрагасына 2025-жылдын 1-кварталында өткөргөн жалпы 9 сессиясы үчүн Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" жөнүндө мыйзамынын 40-берене 6-пунктуна таянып, айыл өкмөт башчысынын бир күндүк эмгек акысы өлчөмүндө төлөп берүү жагын карап чыгып, айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айылдык кеңешинин төрагасына 2025-жыл ичинде жалпы 9 жолу өткөрүлгөн ар бир сессиясы үчүн айыл өкмөт башчысынын бир күндүк эмгек акысы өлчөмүндө эмгек акы төлөнүп берилсин.
2. Көрсөтүлгөн акча каражатын төлөпберүү жагы айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүм башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин "бюджет, экономика ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**